● Маарakeни утурлап....

# Облустук филармонияга - 20 жыл

Атаганат, мезгил зымырык куш го! Муну караңыз. Кыргыз жумуриятынын экинчи пайтакты - ыйык Ош шаарындагы облустук филармониянын түзүлүп, иштей баштагандыгына да 20 жыл толгону калыптыр.

Обондуу ырлардын орошон пири, он асирде бир жаралар сырлуу, ажайып обондордун автору, новатор обончу-композитор Рыспай Абдыкадыровдун ысымынын бул маданий мекемеге ыйгарылышынын өзү эле зор символика. Ал эми өнөр очогунда иштеген чыгармачыл жамаатка эбегейсиз зор жоопкерчиликти, чыгармачылык менен эки эселенип, изденип, түйшүктөнүүнүн үлкөн вазийпасын жүктөп турат. Бекерден элде: "Атыңа жараша бол" дебес чыгар. Аттын өзү эле мындагы чыгармачыл жамаатты зор эргүүгө, шыктанууга түртүүсү абзел.

20 жылдык юбилейди утурлап баратып, учуп өткөн чейрек кылымга жетээрлик мезгил аралыгында кандай алгылыктуу кадамдар жасалды, эмнелерге жетпей калды деген табигый суроолор туулбай койбойт. Ушул суроого жооп издеген таризде өткөн 20 жылдык учурга кылчайып, саресеп салсаң, облустук филармониянын түзүлүү, торолуу, калыптануу нугундагы сапар кербенинин ары машакаттуу да, ары жагымдуу да ирмемдери көз алдынан каркырадай чууруйт: 1997-жылга чейин туруктуу турагы жок, туш келди жерде баш пааналап күн кечиргени, 2000- жылдан туруктуу имаратка ээ болуп, тууру туйтунуп, мейкини кеңейип, элдик таланттарды тартуу, жаңы көркөм топторду түзүү, көбөйтүү, чыгармачылыктын сапаттык деңгээлин көтөрүү багытындагы аракеттердин күчөтүлө баштагандыгы, Болуш Мадазимов, Рыспай Абдыкадыров өңдүү залкарлар өнөр уюткусун түзүп, эргип шыктандыргандыгы, алар баштаган жаңычыл чыгармачыл идеялардын гүл ачуусу, эчен баш деректирлердин бул мекеменин материалдык- техникалык базасынын бакубаттануусу үчүн баш отун сайып, күйүп-бышып аракеттенген, бир кездеги үркөрдөй болгон 57 кишиден турган эмгек жамаатынын курамы 130 кишиден ашып көбөйгөндүгү, азыр мында "Кыз Бурак" элдик жамаат, "Насыйкат" эл аспаптар, "Нуска" этно-фольклордук, "Адеми" бий жана "Актандай" акын ырчылардын, обончулардын чыгармачыл топторунун иштеп жаткандыгы, алар акыркы эле 5-6 жылда 600гө жакын эл аралык, республикалык, региондук жана облустук маданий-массалык иш чараларга активдүү катышып, фестивалдарга, кароо-сынактарда байгелүү орундарды ээлегендиги, 16 отчеттук, 25 жеке автордук, 230 гастролдук концерттерди коюп, 25 жолу чет өлкөлөргө гастролдорго чыгып, 100дөн ашуун мааракe-салтанаттарды акысыз тейлегендиги, кызматкерлердин материалдык жагдайын түзөө, турмуш-шартын оңдоо, маянасын көтөрүү багытында көп күч-аракет жумшалгандыгы, жана башка фактор-лор 20 жылдык кадамдын дурус жагы. Ал эми 20 жылдап жайынан жылбай, оңдолбой оңколоп, "сүрсүп" келаткан бир катар көйгөйлөр чыгармачыл жамааттын чындап чымырканып арыш керүүсүнө тушоо салып турган факторлор да байкалат: филармониянын имаратынын башталган ремонту толук аягына чыкпай турушу, иштөө үчүн зарыл болгон эмерек-мүлктөрдүн жетишсиздиги, каржылык таңкыстыгы, эмгек маянанын өтө төмөндүгү, ошонун кесепетинен улам кадрлык келди-кетти "агуулар", улуттук аспаптарды, заманбап оргтехникаларды, музыкалык жана үн күчөткүч аппаратураларды, сценалык кийим-кечелерди сатып алууга акча каражатынын жетишсиз деңгээлде камсыздалышы, автопаркынын жоктугу жана башкалар - 20 жылдык сапардын буруш жагы.




Республиканын маданий айдыңына мамлекеттик камкордуктун жарыгы улам жаркырап тийип бараткан чакта ушундай жышаана нур-ырдын пири Рыспай залкардын ысымын алып жүргөн Ош облустук филармонияга да жаркырап тийип, анын көптөн бери чечилбей келаткан көйгөй маселесине жогорку жана жергиликтүү бийликтер көңүл бөлүп, жакындан камкордукка алып, көмөк көрсөтсө жагдай оң жагына чечилип калгысы бардыр деген ширин үмүт жүрөктү бийлейт да, өзүнүн 20 жылдык маарекесине карата 20 маданий ишчара түзгөн мекеменин таланттуу жамааты алдыга койгон бул асыл максатын жогорку деңгээлде жүзөгө ашырып, омоктуу чыгармачылык табылгаларды жаратар беле? Дегинкиси бул маданий коломтонун отү алоолоп жанып, анын айланасына нукура таланттар арбын чогулуп, уюткулуу көркөм өнөрдүн жан эргиткен көрөңгөсү эл дилин элжиретип, журт жүрөгүн туйлатып, жан дүйнөгө руханий дөөлөттөрдүн мөлтүр кенчин шыкап, айдаарым шоокумун салып, даңазасы кыргыз кыйырына ололоп кетсе деген жышаана көңүлгө кубат байлап турат.

**Нууман СААДИ, журналист**